УДК 811,51

Усмамбетов Б.Ж.,
К.Карасаев атн. БГУ

МАХМУТ КАШГАРИНИН «ДИВАНУ ЛУГАТ АТ-ТҮРК» ЭМГЕГИНДЕГИ АЙРЫМ СӨЗДӨРГӨ ЭТНО-ЛИНГВИСТИКАЛЫК АНАЛИЗ

Орто түрк доорунда жазма эстеликтеринин бири Махмуд Кашгаринин «Дивану лугат ат-түрк» сөздүгүндөгү буюмдарга жана куралдарга байланыштуу айрым сөздөрдүн кыргыз тилине болгон катыштыгын аныктоо жана алардын турпатын, берген маанисин тастыктоо иретинде этно-лингвистикалык анализдер жүргүзүлөт.

Өзөктүү сөздөр: *этно-лингвистика, семантика, этнография, этимология, этимон.*

Кыргыз элинин материалдык байлыгы болгон улуттук буюм-тайымдар, дегеле жашоо тиричилигибизде колдонулуучу, керектелүүчү заттарга тиешелүү сөздөр кыргыз тилинин сөздүк корунда болобу, тилдин тарыхын чагылдырган байыркы жана орто кылымдагы жазма эстеликтерде болобу орчундуу орунду ээлейт. Бирок андай сөздөрдү бир нерсенин кадыресе аты, аталышы катары жеңил-желпи кароого болбойт. Ал сөздөрдө, баарынан мурда, ошол элдин басып өткөн жолу, ой - санаасы, көркөмдүк дүйнөсү, илим-билими, айтор руху сиңирилгендигин эстен чыгарууга акыбыз жок. Ушул маселелерди камтыган түрк тилдери үчүн баа жеткис орток мурас катары эсептелген тарыхый жазма эстеликтердин бири болгон Махмуд Кашгаринин «Дивану лугат ат-түрк» эмгегин белгилей кетсек болот. Бул эмгектин баалуулугу боюнча орус окумуштуусу А.Н.Кононов «Бир катар түркий тилдердин фонетикасы өтө кылдат байкоолорунун сөздүн толук маанисиндеги алтын бүртүкчөлөрүнөн болуп, ошондой эле хакасдык түрктөр, түркмөн, огуз, йагма, чигил, кыргыздар тууралуу кол жеткис лингвистикалык, этнографиялык,фольклордук, географиялык, тарыхый маалыматтарды биздин заманга жеткирип берген бирден бир турпатка ээ чыгарма болуп эсептелет»- деп белгилейт (4,16-77).

Махмуд Кашгаринин аталган эмгеги боюнча жалпы тил илиминде (П.К.Жузе (1926, 1927, 1930); К.Броккельман (1918, 1921, 1928, 1930), О.Прицак (1950,1953,1955), Ю.Келли (1971, 1972, 1973, 1988), Р.Данкоф (1972, 1973, 1975, 1980), В.А.Звегинцев (164), И.В.Стеблева (1965), С.Кляшторный (1974) ж.б.) теориялык маселелерине кайрылган болсо, түркологияда (Ж.Валидов (1920), А.Фитрат (1920), А.З.Валида Тоган (1930), С.Ахаллы (1958), С.М.Муталибов (1947, 1957,1961), А.М.Демирчизаде (1964), Курышжанов (1972), В.П.Асланов (1972), Х.Г.Нигматов (1972) ж.б.) ар бир түрк тилдерине болгон катыштыгын изилдөөнүн обьектиси кылып алышат. Ал эми кыргыз тил илиминде Махмуд Кашгаринин «Диваны» боюнча изилдөөлөр өткөн кылымдын 70-жылдарында колго алына баштаса да (Б.Орузбаева (1972), Б.Осмоналиева (1972), З.Мусаева (1975), өзгөчө 2011-жылдан баштап ар тараптуу изилдөөлөр активдеше баштайт. Алсак, 2011-жылы Г.Жамангулованын «Махмуд Кашгаринин «Диваны» жана баяндоочтун трансформацияланган формалары» [3], 2012-жылы И.Султаналиевдин «Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» жана азыркы кыргыз тили» [11], 2015-жылы Т.Токоев менен Ж.Семеновалын «Махмуд Кашгари - Барсканинин «Дивану лугат ат-түрк» сөздүгүндөгү атоочтук сөз жасоо, этиштердин структура - семантикалык, лексика-семантикалык топтору» [12] аттуу эмгектери жарык көрүп, жогорудагыдай кыргыз тил илиминде «Диван» боюнча ар тараптуу лингвистикалык изилдөөлөр жүрсө да түздөн-түз лексикалык өңүттө дагы эле болсо илимий изилдөөлөр жетишсиз. Ушул маселени эске алуу менен макалыбызда «Дивандагы» кездешкен буюмдарга жана куралдарга тиешелүү айрым сөздөрдүн кыргыз тилине болгон катыштыгы жана алардын лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн ачып берүүнү чечтик.

Ошондой эле белгилей кетчү нерсе айрым тиешелүү сөздөрдүн тастыктоо үчүн «Дивандагы» М.Кашгаринин түшүндүрмө маалыматтарына жана сапаттуу тилдик изилдөөнүн жана азыркы түрк тилдеринин материалдарын пайдалануу менен тие-

шелүү сөздөрдүн чыгыш тегин ачып берүүдө тарыхый, этнографиялык жана искусство таануу илимдеринин табылгаларына таянуу оң жыйынтыктарды берери шексиз.

Кыргыз тилинде *кийиз* сөзү «Жүндөн басып жасалган көбүнчө боз үйдүн жабдуулары катарында, алдыга салуу үчүн ж.б. максаттарда колдонулуучу материал» маанисин берет [5,314]. «Диванда» болсо бул сөздүн ***кызыз//кедиз//кидиз*** сыяктуу варианттары кездешет. Бул боюнча К.Сейдакматов: «Байыркы түрк тилиндеги кийиз сөзүнүн ***кыз//кед//кид*** уңгулары *кий* (надевай) сөзүнүн маанисинде болушу ыктымал. Ошондо алгычкы кийиздин мааниси кийим катары колдонулуп, андан кийин жерге төшөлүүчү палас маанисине өткөн» - дейт [10,271]. Ушул сыяктуу *көн* (кожа) сөзүнөн *көнлек* (рубашка) сөзүнүн жасалгандыгы белгилүү [2, 34]. Ошондой эле «Диванда» *кийиз* ***оймо*** болуп да кездешет.М.: *Ол маңа оймо талкышты* ***- ал мага кийиз уйпалашты*** [8,327]. Бул жерден *оймо* (орнаментированный, разукрашенный) аталышы азыркы кездешкен *ала кийизге* (орнаментированный войлок) туура келет. Эмне үчүн дегенде ала кийизге гана оймо, түр салынаары бизге белгилүү. Ал эми кыргыз тилиндеги ала кийиз аталышы да ушуга байланыштуу десек жаңылышпайбыз. Дагы «Диванда» ***Ол кызка кизиз сырытты*** - *ал кызга кийиз шырытты болуп кездешиши* [9,491], биздин оюузча азыркы шырдакты да кийиз аташы ыктымал. Мындагы сырытты сөзүнүн *сыры* (шыры (стегать, сшиватьчто-л., складывать в несколько слоев) эмгек процесси шырдакка гана колдонулуп, кыргыз тилинде *шырдак* (текимет, шитый в два слоя орноментированный войлок) сөзү жаралган [13, 922]. Жыйынтыгында азыркы мезгилде кыргыз элинин материалдык байлыгы болгон кийиз, ала кийиз, шырдак байыркы мезгилден бери колдонулуп келе жаткандыгына күбө болобуз.

Көчмөндүлүктү башынан кечирген байыркы түрк элдери көчүп, конуп жүрүүгө ыңгайлашкан буюм-тайымдарынын дээрлик көпчүлүгү тери сырьёсунан жасалгандыгы бизге белгилүү. Бул боюнча Махмуд Кашгаринин маалыматтары жолугат. М: ***бутык (>бут+ык)*** кашгар тилинде «кичинекей чанач» маанисин берет. *Бутыкты* жылкынын бут терисинен жасалган чанач, анда кымыз сакташат» деп берет [7,638]. ***Касук*** «Ат терисинен жасалган, идишке окшош чанач, сүт жана кымыз сакталат. Ошол мезгилде тери иштетүүчүлүктү байыркы түрк элдери мыкты өздөштүрө илишкендиги тууралуу «Диванда»: ***тева көнү*** - ийленбеген төөнүн териси, ***кагуш*** (<кайыш) «Ийленген тери» [9,207]. иштетилген териге өң-түс берүү да (***сонач кесирлүү*** - кызыл түстөгү чанач [7,628], теринин кургап кетишинен сактоо иретинде майлап туруу үчүн (*Ер кугуш йагмалды* «Эр терини майлады» [9,459] ж.б. сыяктуу иш процесстери жөнүндө маалыматтар орун алган. Ошондой эле териден кийим-кечектер, баш кийимдер жана бут кийимдер тигилген. Мисалы, көйнөк көнлең болуп кездешип, баштапкы уңгусу көң (тери) болгондугун К.Дыйканов аныктаган [2,,94]. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө ***чарыкты*** «Бодо (кара) малдардын чылгый терисинен, көбүнчө баш терисинен жасалган бут кийим» деп берилсе [5, 686] «Диванда» ушул эле мааниде *чарук* болуп аталган [7,147] ж.б. ушул сыяктуу көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот.

Махмуд Кашгарини айрым сөздөрдүн этимологиясын чечмелөөгө жетишкен. Мисалы, ***йасгач*** - камыр жая турган тактай, ***йасы йагач*** - жазы жыгач сөзүнөн келип чыккан - деп берет [9,61]. Дагы чублу сөзүн - чөөлү «тутмач» тамагына керектелген элек. Ал ичке чыбыктардын чөмүч сымал токулат [9,655] деп бергенине караганда ***чувлы*** сөзүнүн уңгусу ***чыбык*** экендигин баамдоого болот. Ушул сыяктуу ***йалу*** - көгөн, желе. Кымыз даярдоо үчүн бээни сааган учурда, кулундарын көгөндөп коюшат. Бир арканга байлашып, бээлер аларды тегеренип, саап бүткөнүн күтүп турушат [9,43] деп берип, бээни сааган учурду баяндап берген. Мындай көрүнүш азыркы мезгилде да кездешет. Ал эми ***йалу*** (желе, көгөн) болуп калышы лингвистикалык жактан этимону ***жал*** сөзүнөн пайда болгон дешке болот. Мындан биз, ошол мезгилде кулундардын коопсуздугуна карата желеге мойнунан эмес жалынан байлаган болуш керек деген жыйынтык чыгарууга болот. «Дивандагы» ***соргу*** идиши аталышы бул идиштен соруп суусундук ичкендиктен аталган десек жаңылышпайбыз. Бул тууралуу маалымдай кете турган болсок, өлкө-бүздүн Ысык- Көл өрөөнүнүн тейкейинде жайгашкан Туура-Суу айылынын батыш тарабында X-XI кылымга таандык чоподон жасалган ар кандай формадагы идиштердин ичинен бизди кызыктырган бир идишке көңүл бурдук. Ал идиштин формасы өтө чоң эмес бир жагында суу куюуга ылайыкташкан оозу, ортосунда көтөрүп жөрүүгү ылайыкташкан жуткасы жана сууну соруп иче тургандай узун чорчосу орун алган [1,,5]. Ушул маалыматка караганда бул суусундук идиши соргу идишин элестетип турат десек жаңылышпайыз.

Ошондой эле ***тамгалык*** сөзүн ала турган болсок, «Диванда» Махмуд Кашгари: «Тамга коюлган падышанын орунтук жана кичинекей кумура» атайын бир кишиге жасалган. Негизги формасы - тамгалык белгиленген, тамга коюлган. Падыша өзүнүн кумурасын жана ичимдик дам куюлуучу кичинекей орундугуна өз белгисин, мөөрүн койгон. Ошондон тартып кичинекей кумураны жана кичинекей орундукту ***«тамгалык»*** деп аташкан. Себеби башка эч ким бул идиштен ичип, жебесин деп коюлган белгиси бар» деп этимонун ачып берет [7,893]. Ошол мезгилде эн тамгасын коюу себептери ар кандай болгон. Маселен, элдер, уруулар ич ара бири-биринен айырмалануу үчүн. Бул биринчиден, экинчиден жогорудагы башкарган падышанын буюм-тайымдарына, тамак-аш идиштерине өзүнүн коопсуздугу үчүн жана ар кандай буюмдарды жасаган чебер өзгөчөлөнүш үчүн же болбосо буюмдун сапатын көтөрүш үчүн өзүн туюндурган эн тамгасын коюшкан. Уруулардын эн тамгасы боюнча Махмуд Кашгари мисал катары өгүз уруусу жана анын ичинен жыйырма майда урууга бөлүнөрү тууралуу жана ар бирине тиешелүү тамгасы бар экендиги жөнүндө мындай дейт: «Жогорку тамгалар алардын жылкы жана башка малдарынын белгиси болгондуктан, аралашып кетсе, ушул белгилер аркылуу таанып алышат» - деп малдарына да эн тамгасын коюшкандыгын маалымдайт [7,141].

Азыркы мезгилде жылкычылыкта кездешкен укурук куралы тыбыштык өзгөчөлүктөрү менен түрк тилдеринде «аркан» маанисин берип келген. Ал эми

кыргыз тилинде «Учуна илмек кылып аркан же жип байлап алып жылкы кармоо үчүн колдонулучу узун жыгач» болуп баштапкы маанисин сактап калган [5,644]. *Укурук* Махмуд Кашгаринин «Диванында» ***укрук*** - укурук деп берип, ***Тагыч укрукын екмес. Теңизни кайгыкын багмас*** - *тоону укуругуң ийе албас, деңизди кайыгың бөгөй албас* деген макалын мисал катары келтирет. Эгерде макалга карай турган болсок, анда кыргыз тилиндеги укурукка туура келерин байкоого болот. Буга чейин укуруктун чыгыш тегин (этимонун) түрк тилдерине салыштыруу менен аркандык же аркан байланган таяк деген сыяктуу так эмес аныктамалар берилип келген [10,71]. Эгерде биз жөнөкөй гана муунга ажырата турган болсок, анда ***уук - кур -ык*** морфемаларга бөлүнөт. Баштапкы ***уук*** уңгусу азыркы кыргыз тилинде боз үйгө гана тиешелүү болуп,өнүмсүз катары кездешет. Мындан биз, боз үйдүн уугуна ассоциацияланган деген түшүнүктөн алыс болушубуз керек. Себеби байыркы түрк тилинде ***уук*** уңгусу өнүмдүү уңгу катары колдонулгандыгын эске алышыбыз шарт. М.: ***уук//ук*** «чатыр», ***ук*** «кепе», ***сырук*** (//шырык>сыр «краска»+ууг «узун таяк») «Бутактары жок, ичке өскөн узун жаш карагай», укурмак «Чүмбөтүү замбил» ж.б. Ал эми экинчи кур сөзү азыр деле кадимки кайыш сыяктуу териден тилинин алынган тасма манисин берет. Ошондо азыркы аркан, жип ордуна байыркы мезгилде кайыш тасма тагылган узун таяк маанисинде болгон деген жыйынтыкка келсек туура болот.

Ушул сыяктуу байыркы булактарыбызга этнолингвистикалык өңүттө изилдөөлөрүбүздү жүргүзсөк тилибизге жана тилибиздин тарыхына чоң салымын кошот деген ойдобуз.

Адабияттар

1. Архиологиялык альбом,КТМУ. - Б., - 2013,184-бет.
2. Дыйканов К.Кыргыз тилинин тарыхынан [текст] / К.Дыйканов - Ф.: Мектеп, 1980,154 бет.
3. Жаманкулова Г., Махмуд Кашгаринин «Диваны» жана баяндоочтун трансформацияланган формалары [текст] / Г. Жаманкулова - Б.: Бийиктик- 2011, 255 бет.
4. Кононов А.Н. Махмуд Кашгарский и его «Дивану лугат ат-тюрк» [текст] /А.Н. Кононов //Советская тюркология, № 1, 1972, с. 3-17.
5. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү (КТТС).- Ф.: Мектеп, 1969, 778 бет.
6. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү (КТТС). -Ф.,: Мектеп, 1984, 622 бет.
7. Махмуд Кашгари «Түрк тилдерини сөздүгү» [текст] / Кыргыз тилине которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков, I т. -Б., 2011, 906- бет.
8. Махмуд Кашгари «Түрк тилдерини сөздүгү» [текст] / Кыргыз тилине которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков, I Iт. -Б., 2012, 591 бет.
9. Махмуд Кашгари «Түрк тилдеринин сөздүгү» [текст] / Кыргыз тилине которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков, III т. -Б., 2013,678-бет.
10. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү [текст] / К. Сейдакматов - Ф.: Илим, 1988, 332 бет.
11. Султаналиев И. Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» жана азыркы кыргыз тили [текст] / И. Султаналиев - Б., 2011, 89 бет.
12. Токоев Т., Семенова Ж.А. Махмуд Кашгари-Барсканинин «Дивану лугат ат-түрк» сөздүгүндөгү атоочтук сөз жасоо, этиштердин структура-семантикалык, лексика-семантикалык топтору [текст] / Т. Токоев, Ж.А. Семенова - Б., 2015, 233-бет.
13. Юдахин К. К. Русско-киргизский словарь [текст] /К.К. Юдахин - М.: Сов. энциклопедия,1965, 947 стр.